| «Бекитемин» | «Макулдашылды» |
| --- | --- |
| БжМ факультетинин | Декандын тарбия иштери |
| деканы, э.и.к., доцент | боюнча орун басары |
| Исраилов Т.М. | Оморов Ш.О. |
| ________________ | ________________ |
| «_12_»_02_ 2024-жыл | «_12_»_02_ 2024-жыл |

Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык юбилейине жана 23-февраль Ата-Мекенди коргоо күнүнө карата «Бизнес жана менеджмент» факультетинде болуп өтө турган

**“БИЗНЕС ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ФАКУЛЬТЕТИНИН МЫРЗАСЫ 2024”**

сынагынын жобосу

## I. СЫНАКТЫ УЮШТУРУУНУН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТИ:

- БжМ факультетинин студент-мырзаларынын арасынан мыкты мырзаны тандап алуу;
- Жалпы студенттерге мырзалыктын мыкты үлгүлөрүн көрсөтүү;
- Студент-мырзалардын интеллектуалдык жана маданий деңгээлин көтөрүү;
- Студенттердин сергек жана активдүү жашоо образын чагылдыруу;
- Студент жаштардын достугун жана ынтымагын чыңдоо;
- Таланттуу студенттерди табуу жана аларды жөндөм-шыктарын өстүрүү;
- Студенттерди мекенчилдикке тарбиялоо.

## II. СЫНАКТЫ ӨТКӨРҮҮ МӨӨНӨТҮ ЖАНА ОРДУ:

Сынак 28-февраль күнү саат 12:00дө БжМ факультетинин чоң актылык залында болуп өтөт.

## III. СЫНАКТЫ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖАНА ЭРЕЖЕСИ:

- Каттоо уюштуруу тобу тарабынан жүргүзүлөт;
- Сынак 5 турдан турат;
- Сынак кыргыз тилинде өткөрүлөт;
- Сынак массалык маалымат каражаттары тарабынан коомчулукка чагылдырылат;
- Баалуу белектер жана номинациялар уюштуруу тобу тарабынан бекитилет.

## IV. СЫНАКТЫН ПРОГРАММАСЫ;

| | **Саламдашуу** | **Убактысы** |
|---|---|---|
| **I тур** | Катышуучулар өзү жөнүндө, туулган жерин, мекенин, окуу жайды даңазалоо менен саламдашат. *(Саламдашуунун оригиналдуулугуна, чыгармачылыгына, маданияттуулугуна жана көркөмдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулат, ошондой эле ушул критерийлер сынактын бардык турларында да эске алынат.)* | 3 мүнөт |
| **II тур** | **Күч сыноо**<br>Конкурсанттар 16кг салмактагы гиряны эң көп көтөрүү менен күчтөрүн сынашат. | Чектелбейт |
| **III тур** | **Сахнада өзүн алып жүрүшү**<br>Катышуучулар 2 стилде сахнага чыгып өз формаларын көрсөтүшөт. (Улуттук жана чет өлкөлүк)<br><u>Эскертүү!!!</u><br>✓ *Ар бир стилди көрсөтүүгө 2 мүнөт талап кылынат;* | 4 мүнөт |
| **IV тур** | **Интеллектуал мырза**<br>Катышуучулар уюштуруу тобу тарабынан даярдалган суроолорго жооп беришет.<br><u>Эскертүү!!!</u><br>✓ *Кыргызстандын тарыхы, салт-санаасы, логикалык жана фактологиялык суроолор даярдалат;*<br>✓ *Ар бир катышуучуга 5 суроо берилет;*<br>✓ *Катышуучу 10 мүнөттүн ичинде 5 суроого жооп берип бүтүүгө тийиш.* | 10 мүнөт |
| **V тур** | **Таланттуу мырза**<br>Катышуучулар берилген убакыттын ичинде өздөрүнүн каалаган өнөрүн көрсөтүүгө тийиш. | 4 мүнөт |

## V. БИЗНЕС ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНДЫН ТАРБИЯ ИШТЕРИ БОЮНЧА ОРУН БАСАРЫ, УЮШТУРУУ ТОБУ ЖАНА ЖАШТАР КЕҢЕШИНИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ:

- Сынак тууралуу студенттерге маалымат берүү жана сынактын эрежелери менен тааныштыруу;
- Иш-чараны сынактын жадыбалы боюнча уюштуруу;
- Калыстар тобунун курамын бекитүү;
- Сынактын өтүшү жана жыйынтыгы жөнүндө массалык маалымат каражаттарына жарыялоо;
- Сынактын шарттарына кайдыгер караган жана талаптарды аткарбаган катышуучуларды сынактан четтетүү;
- Зарыл учурда сынактын ортосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- Ар бир адистиктен бирден катышуучуну тандап алууну жана адистиктер аралык сынакка катышкан катышуучуга материалдык, моралдык жактан даярдоо менен колдоо көрсөтүүнү көзөмөлдөө ар бир кафедранын **тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучуга, кафедранын жалпы жамаатына** жүктөө.

## VI. КАЛЫСТАР ТОБУ:

- Калыстар уюштуруу тобу тарабынан аныкталат;
- Калыстар тобунун мүчөлүгүнө кыргыз тили мугалимдери жана ОшМУнун жаштар кеңешинин төрагасы, маданий сектору жана акыйкатчы аппараты дайындалат;
- Калыстар тобунун чечими талкууга алынбайт жана өзгөртүлбөйт.

***Эскертүү!!!***

- *Ар бир адистиктен бирден гана студент катышат алат;*
- *Ар бир катышуучу убакытты эске алуусу зарыл;*
- *Берилген убакыттан өтүп кеткен учурда упайлары кемитилет;*
- *Сынакка катышуучунун аты-жөнүн ар бир кафедранын тарбия иштери боюнча жооптуу мугалим жана катышуучунун куратору, старостасы 25-февралга чейин уюштуруу тобуна тизмени берүүгө тийиш.*

## VII. ЫЙГАРЫЛУУЧУ НОМИНАЦИЯЛАР

Сынактын жыйынтыгында уюштуруу тобу тарабынан төмөндөгүдөй номинациялар ыйгарылат:

| | |
|---|---|
| **I ОРУНГА** | 5000сом сыйлык жана<br>**I Даражадагы диплом** |
| **II ОРУНГА** | 3000сом сыйлык жана<br>**II Даражадагы диплом** |
| **III ОРУНГА** | 2000сом сыйлык жана<br>**III Даражадагы диплом** |
| **IV ОРУНГА** | БжМ факультетинин<br>**ИНТЕЛЛЕКТУАЛ МЫРЗАСЫ** |
| **V ОРУНГА** | БжМ факультетинин<br>**ТАЛАНТТУУ МЫРЗАСЫ** |

## VIII. Иш-чаранын демөөрчүлөрү:

БЭжЭА кафедрасынын башчысы: Мырзаибраимова И.Р.

КжБИ кафедрасынын башчысы: Кулуева Ч.Р.

МжМБ кафедрасынын башчысы: Маматова А.Б.

ЭжС кафедрасынын башчысы: Аматова У.О.

МжМ кафедрасынын башчысы: Талайбек уулу Т.

ЭжИБ кафедрасынын башчысы: Убайдуллаев М.Б.

БИжЭМ кафедрасынын башчысы: Бекешов Т.О.

***Уюштуруу тобу:*** *БжМ факультетинин жаштар кеңеши*

***Дареги:*** *БжМ факультети, ЧАЗ.*

***Тел.:*** *0779289274*